*""Ырдап жүрөм"*

*Сөзү: Обону: Мендебайыров Кежекул*

*Ал кезекте болалбадым өтүмдүү,*

*Арнай албай ыйык аруу сезимди.*

*Тагдыр бизди кошпой коду кантейин,*

*Арман кылып ырдап жүрөм өзүңдү.*

*Эстей берем ошол жыргал мүнөттү,*

*Кыя карап сөз айталбай тим өтчүү.*

*Ошол менин уяңдыгым боштугум,*

*Табалбады жүрөгүңдөн түнөктү.*

*Көрөм сенин айыптуудай көзүңдү,*

*Амен болсо күнөөлөймүн өзүмдү.*

*Арман ырын ырдап жүргөн кезегим,*

*Асыл кенчим алгач сүйүүм өзүңдү.*

*Тагдар бизди кошпой койду кантейин,*

*Арман кылып ырдап жүрөм, Ашык болуп ырдап жүрөм өзүңдү.*